**ТЕХНИКАЛЫК ТАПШЫРМА**
**Бишкек ш., Ибраимов к., 24 дареги боюнча жайгашкан административдик имаратында учурдагы лифт жабдууларын демонтаждоо, жаңы лифт жабдууларын жеткирүү жана орнотуу боюнча**

| № п/п | Негизги маалымат жана талаптардын тизмеси | Негизги маалымат жана талаптар |
|---|---|---|
| 1 | Объекттин жайгашкан орду | Кыргыз Республикасы,<br>Бишкек ш., Ибраимов к., 24 |
| 2 | Буйрутмачы | «Кумтөр Голд Компани» ЖАК (мындан ары – «КГК» ЖАК) |
| 3 | Аткаруучу | Буйрутмачы тарабынан тандап алынат |
| 4 | Объекттин мүнөздөмөсү | **1. Имараттын мүнөздөмөсү:** кабаттуулугу – 18 кабат (17–18 техникалык кабаттар), «Имараттын 17-кабатынын нөл белгисине салыштырмалуу белгиси 54.300 м. (кабаттардын бийиктиги – 3,3 м).» |
| 5 | Алмаштырууга тийиш болгон учурдагы лифт жабдууларынын баяндамасы | **1. ПГП-408А үлгүсүндөгү жүргүнчү лифти**, 1982-жылы чыгарылган, жүк көтөрүмдүүлүгү 500 кг, имараттын түштүк-чыгыш бөлүгүндө жайгашкан (жайгашуу схемасы тиркелет).<br>**2. ПП-349 үлгүсүндөгү жүргүнчү лифти**, 1983-жылы чыгарылган, жүк көтөрүмдүүлүгү 1000 кг, учурда иштеп жаткан лифттердин ортосунда жайгашкан (жайгашуу схемасы тиркелет). |
| 6 | Сатып алынуучу товарлардын, иштердин жана кызматтардын тизмеси | Аткаруучу ушул техникалык тапшырманын 8-пунктуна ылайык учурдагы лифт жабдууларын демонтаждоого, эки даана жаңы лифтти орнотууга, ошондой эле ар бир кабатта лифт шахтасынын эшиктеринин периметри боюнча косметикалык оңдоо иштерин аткарууга милдеттүү. |
| 7 | Иштерди аткаруунун өзгөчө шарттары | Иштер Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулуп жаткан курулуш нормаларына жана эрежелерине ылайык, ушул Техникалык тапшырмада көрсөтүлгөн талаптарга так дал келтирилип аткарылышы керек. |
| 8 | Иштерди аткаруу этаптары | Иштерди аткаруу этаптары:<br>1. Учурдагы лифт жабдууларын демонтаждоо, демонтаждалган материалдар менен жабдууларды Буйрутмачы көрсөткөн аянтчага жыйноо жана жайгаштыруу;<br>2. 18-кабатта жайгашкан машиналык бөлмөдөн мурда демонтаждалган эски лифт жабдуусунун өзүнчө комплекттерин түшүрүү жана аларды кесүү (кыймылдаткычтар, трансформаторлор жана башка элементтер, жалпы салмагы болжол менен 15,5 тонна), сүрөттөр тиркемеде көрсөтүлгөн;<br>3. Тиешелүү комплектациядагы жаңы лифт жабдууларын сатып алуу, жеткирүү жана монтаждоо, ошондой эле электр жабдууларын монтаждоо, электр зымдарын тартуу, диспетчердик |

| | | |
|---|---|---|
| | | байланыш орнотуу, лифт шахтасынын жана машиналык бөлмөмүн жарыктандыруучу электр шам чырактарын орнотуу;<br>4. Кабина орнотулгандан кийин лифт шахтасынын эшиктеринин проёмдорун жабуу боюнча бүтүрүү иштери, лифттин машиналык бөлмөсүндөгү жасалгалоо иштери (темир бетон тосмодон аркандарды өткөрүү үчүн тешиктерди тешүү, лебёдка үчүн орнотмо (*закладные*) деталдарын орнотуу — зарыл болгон учурда);<br>5. ББ ТР жана МАМСТ талаптарына ылайык ишке киргизүү иштерин жүргүзүү, анын ичинде ББ ТР 011/2011ге ылайык эксплуатацияга киргизүүнүн алдында толук техникалык күбөлөндүрүүнү жүргүзүү;<br>6. Кыргыз Республикасынын Табигый ресурстар, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин карамагындагы Экологиялык жана техникалык көзөмөл кызматынын оң корутундусун алуу;<br>7. Произвести сдачу выполненных работ Заказчику в установленном порядке. Аткарылган иштерди бекитилген тартипте Буйрутмачыга тапшыруу.<br>Аткаруучу биринчи лифт боюнча (1-тип) бардык жогоруда көрсөтүлгөн иштерди аткарып, кабаттар аралык үзгүлтүксүз байланыш камсыздалгандан кийин, экинчи лифт (2-тип) боюнча иштерди аткарууга өтүшү керек. |
| 9 | Жеткирилген лифт жабдууларына коюлган техникалык талаптар | **1. Жүргүнчү лифт – (1-тип).**<br>▪ Лифттин тиби: жүргүнчү, лифтке берилген сертификат менен ырасталат.<br>▪ Жүк көтөрүмдүүлүгү: кеминде 1000 кг.<br>▪ Номиналдык жүрүү ылдамдыгы: 1,5–1,75 м/с.<br>▪ Токтой турган кабаттардын саны: 17.<br>▪ Шахта эшиктеринин саны: 17.<br>▪ Шахта эшиктеринин конструкциясы: борбордук ачылуучу, автоматтык түрдө жылуучу эшиктер.<br>▪ Шахта эшиктеринин створкалары, кабина купесинин калканычтары, каптама элементтери, кабина эшигинин створкалары: дат баспас барак түрүндөгү болоттон жасалган.<br>▪ Көтөрүү бийиктиги: 54,3 м.<br>▪ Машиналык бөлмөнүн жайгашуусу: 18-кабатта (54,3 м белгисинде).<br>▪ Диспетчердик жабдуу: лифт кабинасында, машиналык бөлмөдө орнотулат, кабинадан имараттын 15-кабатында жайгашкан кезметтеги кызматкер менен байланыш каралган.<br>▪ Кабинанын тиби: өтпөй турган.<br>▪ Каршы салмактын багыттоочулары: куюлган.<br>▪ Компенсациялоочу чынжыр: пластик каптамасында. |

| | | |
|---|---|---|
| | | ▪ Кабинанын өлчөмдөрү: туурасы – кеминде 1050 мм, бийиктиги – кеминде 2000 мм, узундугу (тереңдиги) – кеминде 2150 мм, вентиляция менен камсыздалган.<br>▪ Чыңалуу: 380 В; электр тармагынын жыштыгы – 50 Гц.<br>▪ Жарыктандыруучу шам чырак: шыпка орнотулуучу.<br>▪ Кол таяныч: кабинанын арткы дубалында жайгашкан, дат баспас болоттон жасалган.<br>▪ Пол: дат баспас болот конструкциясы, керамогранит плиталарын төшөө үчүн даярдалган.<br>**2. Жүргүнчү лифт – (2-тип).**<br>▪ Лифттин тиби: жүргүнчү, лифтке берилген сертификат менен ырасталат.<br>▪ Жүк көтөрүмдүүлүгү: кеминде 1000 кг.<br>▪ Номиналдык жүрүү ылдамдыгы: 2–2,5 м/с.<br>▪ Токтой турган кабаттардын саны: 16.<br>▪ Шахта эшиктеринин саны: 16.<br>▪ Шахта эшиктеринин конструкциясы: борбордук ачылуучу, автоматтык түрдө жылуучу эшиктер.<br>▪ Шахта эшиктеринин створкалары: дат баспас барак түрүндөгү болоттон жасалган.<br>▪ Көтөрүү бийиктиги: 51,0 м<br>▪ Диспетчердик жабдуу: лифт кабинасында, машиналык бөлмөдө орнотулат, кабинадан имараттын 15-кабатында жайгашкан кезметтеги кызматкер менен байланыш каралган.<br>▪ Машиналык бөлмөнүн жайгашуусу: 18-кабатта (54,3 м белгисинде)<br>▪ Кабинанын тиби: өтпөй турган<br>▪ Каршы салмактын багыттоочулары: куюлган<br>▪ Компенсациялоочу чынжыр: пластик каптамасында.<br>▪ Кабинанын өлчөмдөрү: туурасы – кеминде 1500 мм, бийиктиги – кеминде 2000 мм, узундугу (тереңдиги) – кеминде 1500 мм, вентиляция менен камсыздалган<br>▪ Чыңалуу: 380 В; электр тармагынын жыштыгы – 50 Гц.<br>▪ Жарыктандыруучу шам чырак: шыпка орнотулуучу.<br>▪ Кол таяныч: кабинанын арткы дубалында жайгашкан, дат баспас болоттон жасалган.<br>▪ Пол: дат баспас болот конструкциясы, керамогранит плиталарын төшөө үчүн даярдалган.<br>Жеткирилүүчү лифттер Бажы биримдигинин ББ ТР 011/2011 - “Лифттердин коопсуздугу” техникалык регламентинин талаптарына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 8-ноябрындагы № 730 токтому менен бекитилген «Лифттерди түзүү жана коопсуз пайдалануу эрежелеринин» талаптарына ылайык болушу керек.<br>Аткаруучу жеткирилүүчү лифт жабдууларына шайкештик сертификаттарын берүүгө милдеттүү. |

| | | |
|---|---|---|
| 9 | Жеткирүү, орнотуу жана кепилдик тейлөө мөөнөтү | Учурдагы эки даана лифтти демонтаждоо, эки даана жаңы лифт жабдуусун жеткирүү, орнотуу жана эксплуатацияга берүү мөөнөтү келишимге кол коюлган күндөн тартып 6 айдан ашпоого тийиш.<br>Аткаруучу аткарылган иштердин натыйжаларына карата, иштерди кабыл алуу актысына кол коюлган күндөн баштап, ошондой эле жеткирилген бардык лифт жабдууларына карата кеминде 24 айлык кепилдик мөөнөт берет.<br>Аткаруучунун Кыргыз Республикасынын аймагында, анын ичинде Бишкек шаарында, тейлөө кызматы болушу зарыл. |
| 10 | Техникалык документацияны жана аткарыла турган иштерди тариздөөгө коюлган талаптар | Аткаруучу лифт жабдууларын алмаштыруу боюнча талап кылынган бардык иштерди, анын ичинде ушул техникалык тапшырманын 8-пунктунда көрсөтүлгөн иштерди, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген бардык бажы жана салык жыйымдарын эске алуу менен коммерциялык сунушун тартуулоого тийиш.<br>Иштерди баштоонун алдында Аткаруучу Буйрутмачыга иштерди аткаруу долбоорун (ППР), иштердин календардык графигин, персоналдын санын берүүгө милдеттүү.<br>Келишимди аткаруу учурунда Аткаруучу иштердин сапатын көзөмөлдөөнү камсыздоого милдеттүү.<br>Иштерди аткаруу учурунда Аткаруучу төмөнкү аткаруучулук документацияны туура тариздөөгө тийиш: иштердин жүрүшү боюнча журналдар, жашыруун иштердин актылары (фотоматериалдары менен), аралык кабыл алуу актылары, наряд-допусктар, иштерди жүргүзүүгө берилген наряддар.<br>Кабыл алуу контролун жүргүзүүдө жашыруун иштер тиешелүү фотоматериалдары менен бирге милдеттүү түрдө күбөлөндүрүлүүгө тийиш. Жашыруун иштер боюнча актылар жок болсо жана алар Буйрутмачы тарабынан кабыл алынбаса, кийинки иштерди жүргүзүүгө тыюу салынат. Мындай шарт сакталбаганда, Буйрутмачы Аткаруучудан каалаган бөлүгүн ачып текшерүүнү жана андан кийин аларды Аткаруучунун эсебинен калыбына келтирүүнү талап кылууга укуктуу.<br>Аткаруучу төмөнкүлөргө жоопту:<br>▪ Келишимде көрсөтүлгөн мөөнөттөрдө иштерди бүтүрүү;<br>▪ Эмгекти коргоо жана коопсуздук талаптарын аткаруу (өзүнүн персоналына карата);<br>▪ Иштердин тийиштүү сапатын камсыздоо;<br>▪ Иштерди аткарууда өндүрүш технологияларын сактоо;<br>▪ Монтаждалган конструкцияларга карата жеке сыноолорду жүргүзүү (зарыл болгон учурда);<br>▪ Иштерди кабыл алуу учурунда жана кепилдик мөөнөт ичинде аныкталган кемчиликтерди (дефекттер) өз убагында жоюу (кемчиликтерди жоюу үч жумуш күнүнөн ашпоого тийиш).<br>Эгер Аткаруучу жүргүзгөн иштердин натыйжасында имараттын конструкциялык элементтери, бөлмөлөрдүн жасалгалоосу же инженердик системалары бузулган болсо, |

| | | |
|---|---|---|
| | | алардын баарын калыбына келтирүү иштери Аткаруучунун күчү жана каражаты менен жүргүзүлөт. |
| 11 | Аткаруучуга коюлган талаптар | Ушул техникалык тапшырмада көрсөтүлгөн бардык иштер тиешелүү тажрыйбасы бар уюмдар тарабынан аткарылышы зарыл (көрсөтүлгөн тизмени тиешелүү документтер менен тастыктоо талап кылынат).<br>Аткаруучу көлөмү, багыты жана жабдуулардын тиби боюнча тендер коюлуп жаткан иштерге окшош кеминде эки контрактты ийгиликтүү ишке ашырган тажрыйбага ээ болушу керек (кеминде 2 контракттын жана аткарылган иштердин актыларынын көчүрмөлөрү берилүүгө тийиш).<br>Сертификациядан өткөн жетекчинин (прораб, тилке башчысы) болушу талап кылынат; анын иш тажрыйбасы кеминде 5 жыл, ошондой эле көлөмү, багыты жана жабдуулардын тиби боюнча ушул тендерге окшош кеминде эки долбоорду ишке ашырган болушу зарыл.<br>Иш тажрыйбасы кеминде 5 жыл болгон ширетүүчү жана электромеханиктин болушу (эмгек китепчелеринин, дипломдордун, күбөлүктөрдүн көчүрмөлөрү талап кылынат).<br>Аткаруучунун персоналын жеке коргонуу каражаттары менен камсыз кылуу Аткаруучунун эсебинен жүргүзүлөт.<br>Өндүрүштүк жана өрт коопсуздугунун эрежелерин сактоо милдеттүү. |

Техникалык тапшырмага тиркеме



Фото 1. Башкаруу шкафы



Фото 2. Электр кыймылдаткыч жана анын себилдегич бөлүктөрү



Фото 3. Чыңалуу трансформаторлору



Фото 4. Электр кыймылдаткычтын ротору



Фото 5. Электр кыймылдаткычтын статорлору



Фото 6. Башкаруу шкафтары